КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ЧЕЛЬПЕК
АЙЫЛДЫК ~~АЙМАГЫНЫН~~
АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ЧЕЛЬПЕКСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

17.01. 2024-ж. № 1 — Чельпек айылы

**Чельпек айылдык Кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезексиз XXXV- сессиясы**

**Административдик аймакты реформалоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын негизинде Чельпек айылдык аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1.Чельпек айылдык кенешинин 2023-жылдын 1-сентябрындагы № 29 Челпек айыл аймагын Бөрү Баш айыл аймагына кошулуу боюнча токтомун эске алуу менен жана 2023-жылдын 21-декабрындагы элдик жыйындардагы Челпек айыл аймагын Ак-Суу районундагы айыл аймактардын катарында ирелештирүү боюнча каршылыктарын эске алып жергиликтүү калктын макулдугу жоктугуна байланыштуу Чельпек айыл аймагы Каракол шаарына кошуулуга макулдук берилбесин.
(элдик жыйындардын протоколу тиркелет)

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин аймактык административдик реформалоо маселеси боюнча Чельпек айылдык Кеңешинин ушул токтомунун 1-пунктундагы сунуш мыйзамга туура келбесе, Административдик аймактарды реформалоо жөнүндөгү Указынын негизинде Ак-Суу районунун жаңы түзүлүп жаткан “Алтын Арашан” айыл аймагына кошуу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине сунушталсын.

3.Бул токтом мамлекеттик реестрге киргизүү жана каттоо үчүн Ысык-Көл облусттук юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

Төрага — Б.Омуркулов